УДК 75/76

Орозобаев А.К., Абдыбаев К.Ы.

*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ,*

*И.Раззаков атындагы КТУ*

# ДҮЙНӨЛҮК ЖАНА КЫРГЫЗ СҮРӨТ ӨНӨРҮНДӨГҮ УЛАМЫШ (МИФОЛОГИЯ) ЖАНРЫ

Адам баласы жаралгандан бери кудайга баш ийип, сыйынып, өзү түшүнө бербеген бардык нерселерди бир кудайдын буйругу менен болгон иш деп келет. Маселен, байыркы римдиктер Везувий чокусунан атылып чыккан вулкандын түтүнү менен отту Вулкан кудайынын көрүгүнөн чыккан от, түтүн катары кабыл алышкан. Ал эми Помпей шаары кудайдын каарына калган жер катары эсептелген.

Мына ушинтип мифтер (миф) - кудайлар ж.б. табийгатта жок нерселердин жашоосу, алардын күрөштөрү, эрдиктери тууралуу айтылган уламыштар - пайда болгон.

Байыркы Грецияда Зевс Кронид – жогорку жактагы зор күчтүү, дүйнөнү башкаруучу кудай, деңиз көбүгүнөн пайда болгон Афродита – сүйүү кудайы, Арей - согуш кудайы, Артемида- асман кудайы, Зевстин бир тууганы Аид - жер алдындагы дүйнөнү башкаруучу кудай, Дионис – вино жасоону адамдарга үйрөтүүчү кудай, ал эми Гермес – башына канаттуунун сүрөтү түшүрүлгөн чарайна, бутуна канаттуу бут кийим кийген, Зевстин буйруктарын аткарып турган нөөкөрү ж.б. кудайлар болгон деген ишенимде болушкан.

Кудайларга сыйынып, алардан жардам сурап, жакшылыктарды тилешкен. Мисалы: сүрөтчүлөр өнөрчүлүктүн кудайы Аполлондон жардам сурашкан. Биздин кыргыз элинде да ар бир жаныбарлардын, өнөрчүлүктүн, адамдардын колдоочулары – пири (кудайлары) болушкан.

Баба дыйкан - эгиндин, дандын ээси, калкалоочусу,

Камбар Ата - жылкынын пири, ээси, колдоочусу,

Чолпон Ата - койдун пири,

Зеңги баба - уйдун пири,

Ойсул Ата - төөнүн пири,

Дөөтү ( Давид) - кол өнөрчүлүк, устачылык, сооданын пири,

Чычаң Ата - эчкинин ээси, калкалоочусу, сактоочусу, өнүктүрүүчү атасы;

Корсон Ата - кийинки доордо Улукман Ата аталып калган - эмчиликтин, саламатчылыктын пири, ээси.

Жигиттердин пири – Шаймерден,

Балдардын пири – Умай эне,

Кайберен ээси - кайберендердин пири,

Буудайык - канаттуулардын ээси, пири, төрөсү.

Кумайык - ит төрөсү жана башкалар.

Мына ушу сыяктуу пирлерге сыйынышып, кудайы беришип, мазарларга барышып, Теңирчиликтен калган ырым-жырымын кылып келишкен.

Адамдар кудайларга өздөрүнүн ыраазычылыгын билдиришип, аларга арнап мечиттерди, храмдарды, синагогдорду курушкан. Аларды фрескалар, мозаикалар, бедиздер (скульптуралар), статуэткалар жана ар түркүн оюулар менен кооздошкон. Аябай марттык кылышып, баалуу металлдар, таштар жана башка нерселер менен шөкөттөп кооздошкон. Ушинтип, сүрөт өнөрүндө кудайлар тууралуу уламыш (мифологиялык) жанры пайда болгон.

Азыркы адамдар үчүн мифтер жомок десек болот, бирок уламыш (мифологиялык) жанры бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жатат. Эмне үчүн? Анткени алардын да адам сыяктуу өзүнүн оң жана терс жактары бар:

Уламыштар (мифтер) - жалпы адамзаттын көйгөйлөрү болгон – жакшылык менен жамандык, даңктуулук менен көр тирилик, аталар менен балдар. Сүрөтчүлөр үчүн миф - бул адам оюнун сырты келбети. Кайра жаралуу мезгилиндеги байыркы кудайларды тарткан сүрөтчүлөр адамдын денесинин гармониясын, сулуулугун көрсөтүүгө аракеттенишкен. Италиялык сүрөтчү Сандро Боттичелли өзүнүн “Венеранын төрөлүшү” деген картинасында өзү идеал туткан аялдардын сулуулугун укмуштуудай чеберчилик менен чагылдырган.

Ал эми XVI кылымда Питер Брейгель-улуусу “Икардын кулашы” аттуу картинасында өз жанын тобокелге салып, асманга учам деген жаш каарман (баатыр) жөнүндөгү уламышты (мифти) пайдаланган. Бирок ал сүрөттө голландиянын атайын сулуулугун фон катары пайдаланган. Сүрөттөгү негизги окуя катары дыйкандын оор эмгегин көрсөтө алган. Икардын сууга учуп келип түшкөнүн деле байкабай, өз иши менен алек.

Көрүүчүлөр каарманды бир караганда байкабайт. Биринчи планда дыйкандын кыймыл-аракети берилип, негизги теманын каарманын сүрөтчү экинчи планда көрсөткөн. Уламыштагы (мифтеги) грек Икарды баш каарман катары көрсөтүүгө караганда, өз мекендешинин эмгегин көрсөтүүгө кызыкдар. Бекеринен, Брейгелди замандаштары дыйкандар сүрөтчүсү деп аташкан эмес.

Уламыш (мифологиялык) жанры Орусияга XIX кылымда өнүгө баштаган. Орус сүрөтчүлөрү европалыктарды туурап, байыркы мифтерди жаратышса, кийин орус мифологиясына кеңири көңүл коюшуп, көптөгөн чыгармалар жаратышкан.

Славян мифологиясына биринчилерден болуп Михаил Александрович Врубель кайрылган. Анын “Баатыр”, “Микула Селянинович”, сыяктуу орус уламыштарын тартканы белгилүү. А.С. Пушкиндин “Падыша Салтан жөнүндө жомок” деген балдар жомогундагы Аккуу ханайымдын образын укмуштуудай кылып көрсөтө алган. Врубель мезгил-мезгили менен гана славян уламыштарына кайрылса, ал эми Виктор Михайлович Васнецовдун жашооосунун маңызы болгон. Анын тарткан сүрөттөрүнүн аттарын атасак, бир нече барактарды түзөт.

Ал эми бул атала турган сүрөттөрдүн көпчүлүгүн силер билесиңер: “Алёнушка”, “Карышкыр минген Иван Царевич”, “Жер алдындагы падышачылыктын үч ханышасы”, “Учак килем”, “Өлбөс Кащей”, “Кайсы жол менен кетем деген жоокер” ж.б. у.с. чыгармаларды атасак болот. Анын эң белгилүүсү “Баатырлар” деген чыгарма.

Кыргызстандык сүрөтчүлөрдөн уламыш темасында тарткан Б.Жумабаев, Л.Ильина, А.Турсункулов, Ж.Кадыралиев, Т.Курманов, Т.Герцендерди атасак болот.

Негизинен, кыргыз элдик эпостору «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» үчилтигине арналган иллюстрациялар арбын.

Иллюстрация деп сүрөт искусствосундагы адабий чыгармалардын же текстин мазмунун түшүндүрүү жана толуктоо максатында тартылган сүрөттү же сүрөт менен жабдууну айтабыз.

Өзгөчө, Белек Жумабаев С.Каралаевдин «Баатырлар» , «Гулгаакы» деген эпосторго жана А.Токомбаевдин «Таң алдында» романына жасаган иллютрацияларын укмуштуудай чеберчилик менен тартканына таң бересиң. Б.Жумабаевдин линогравюралары эч бир сүрөтчүнүн сүрөтүнө окшобойт.Анын өзүнө гана таандык кыргыз улуттук оюуларын элестеткен графикалык чыгармалары өзгөчөлөнүп, адамды суктантып турат.

Манас, Кыз Сайкал, манасчы Саякбай Каралаевдин ж.б. образдарын жогорку

деңгээлде жарата алган. Өз убагында бул чыгармалары үчүн жаштардын Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыгына татыктуу болгон Т.Герцендин «Манас» эпосу боюнча тарткан линогравюралары - өтө адам суктанаарлык деңгээлде жаратылган көркөм чыгармалар. «Манас» дастанын уккан же окуган адамдарга андагы кейипкерлердин элестери көз алдына алып келгендей болот. Ал көркөм сүрөт чыгармалардагы адамдарды, жылкыларды, ажыдаарларды, жолборсторду карап салыштырып, ошондой экенине ынанасың. Азыркы убакта живопись жаатында эмгектенген А.Турсункуловдун уламыш жанрында жараткан эмгектери мактоого татыктуу. Дүйнөлүк сүрөт өнөрүндөгү уламыш жанрындагыдай эле кыргыз көркөм сүрөт өнөрүндө: графика, живопись, бедизчилик (скульптура) жана колдонмо - жасалга тармактарында көптөгөн чыгармалар жаралууда.